**УДК:811.512.154**

**ДҮЙШӨНАЛИЕВА С.А., УЗЕКЕЕВА Ж.Ш.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ/ КНУ им. Ж.Баласагына*
**DUISHENALIEVA S.A., UZEKEEVA J.SH.**
*K.N.U J.Balasagyn*

# СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЖОЛДОРУ

## Пути формирования самостоятельной деятельности студентов

## Ways of forming students' independent activity

***Аннотациясы:*** *Макалада кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча өз алдынча ишти уюштуруунун теориялык жана практикалык маселелерине арналган проблемалар талкууга алынган. Жогорку окуу жайда өз алдынча ишти жүргүзүүнүн жолдору жана функциялары көрсөтүлгөн. Ошондой эле өз алдынча ишти уюштуруунун окутуу процессиндеги орду жана ролу изилдөөгө алынган. Өз алдынча ишти уюштуруунун абалы, аларды өркүндөтүүнүн жолдору сунушталган.*

***Аннотация:*** *В статье анализированы теоретические и практические проблемы организации самостоятельной работы по предмету кыргызского языка и литературы. Также рассматривались способы и функции проведении самостоятельной работы в высших учебных заведениях. В статье сделан расширенный анализ места и роли организации самостоятельной работы в учебном процессе. Были предложены пути по их совершенствованию.*

***Abstract:*** *In this article were analyzed the theoretical and practical problem of independent organization works by discipline of the practical course of Kyrgyz language. Also in the educational process were considered the ways and functions of organization. There were suggested the ways for their improvement.*

***Урунттуу сөздөр:*** *окутуу процесси, өз алдынча иштөө, компонент, интеллектуалдык деңгээл, рейтинг, ыкма.*

***Ключевые слова:*** *учебный процесс, самостоятельная работа, компонент, интеллектуальный уровень, рейтинг, метод.*

***Keywords:*** *educational process, independent work, component, intellectual level, rating, method.*

Азыркы жогорку окуу жайлардагы окутуу процесси замандын талабына ылайык тынымсыз өзгөрүүнү баштан кечирип жаткан учуру. Билим берүүнүн негизги максаттарынын бири – билимдин сапатын камсыз кылуу. Акыркы жылдарда Кыргызстанда билим берүү сапаты төмөндөп бара жатканы тууралуу ар түрдүү пикирлер арбын айтылып келе жатат.

Билимдин, окутуунун сапатын жогорулатуу жана жакшыртуу боюнча жүргүзүлгөништер – студенттердин иштеринин өз алдынчалуулугуна, өзүн-өзү уюштурууга, өзүн-өзү тарбиялоого байланыштуу каралууга тийиш. Демек жогорку окуу жайдагы окутуу процесси студенттердин билимин өз алдынча өнүктүрүүгө тактап айтканда, өз билимин өз алдынча өркүндөтүү ишмердүүлүгүн жогорулатышы абзел.

Азыркы учурда билим берүүнүн эң башкы артыкчылыктарынын бири – студенттердин билимди өзү таап, өз алдынча өздөштүрүүгө үйрөтүү болуп эсептелет.

Билим берүү боюнча жогорку окуу жайлардын азыркы мамлекеттик стандарттары, окуу программалары окутуучуларды студенттердин алган билимдерин өз алдынча өркүндөтүү ишмердүүлүгүнө, өз алдынча билим алууга, өзүн өзү уюштурууга жана тарбиялоого милдеттендирет.

Студенттердин өз алдынча ишмердүүлүгүнө байланыштуу түшүнүктөр жыл санап

кеңейип бара жатат. Өз алдынча билим алуунун мааниси тууралуу орус окумуштуусу В.М.Рогозинский өзүнүн «Педагогикалык эмгектин алиппеси» деген эмгегинде өз алдынча иштөөнү – студенттин конкреттүү натыйжага жетүү үчүн пландаштырылган, таануучулук, уюштурууучулук жана методикалык жактан багытталган, окутуучунун түздөн-түз жардамысыз ишке ашкан ишмердүүлүгү деп түшүндүргөн [5:112].

С.И.Архангельскийдин оюу боюнча өз алдынча иштөө – бул керектүү маалыматты өз алдынча издөө, өз алдынча билимге ээ болуу жана бул билимдерди окуу, илимий жана кесиптик маселелерди чечүүдө колдонуу [2:55].

В.П.Тарантей окутуучунун тапшырмасын, өз алдынча иштөөнү студент окутуучунун жетекчилиги алдында, бирок аны түздөн-түз катыштырбай эле аткаруусу үчүн жүргүзүлгөн окуу ишмердүүлүгү деп мүнөздөйт [7:83].

Р.А.Низамов өз алдынча иштөөнү студенттердин окутуучунун түздөн-түз катышуусуз, бирок анын байкоосу астында жүргүзүлгөн, сабак учурундагы жана сабактан тышкаркы убакыттагы индивидуалдуу, топтук (группалык) таануучулук ишмердүүлүктөрүнүн ар түрлөрү катары түшүнүшөт [4:78].

Л.В.Жарова өз алдынча иштөөнү – педагогдун тапшырмасы жана анын жетекчилиги астында студенттер өз активдүүлүгүн жана аракеттерин көрсөтүп окуу маселелерин чечүүдөгү окутуунун методу катары катары эсептөөнү сунуш кылган [3:204]. Ал эми В.М.Толстова өз алдынча иштөөнү окутууну уюштуруунун формасы да, каражатыда жана студенттердин таанып билүүчүлүк чыгармачылыгынын компоненти катары да карайт [8:48].

Окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн натыйжасында ар бир окумуштуунун өз алдынча иштөөнү изилдөөдө өз көз караштары бар деп жыйынтык чыгарсак болот.

Өз алдынча иштөө бул – студенттердин сабак учурунда же сабактан тышкаркы убакта, окутуучунун тапшырмасы жана анын жетекчилиги менен, бирок анын түздөн-түз катышуусуз аткарылган, пландаштырылган окуу, окуу-изилдөө иши экендиги кабыл алынган жана анын маңызы студенттердин өз алдынча иштөөсүн уюштурууда экендиги аныкталган.

Студенттердин өз алдынча иштөөсүн өнүктүрүүнүн эң орчундуу жолу катары ал ишти индивидуалдаштыруу эсептелет. Индивидуалдык тапшырмаларды иштеп чыгуу, студенттердин интеллектуалдык деңгээлинин ар түрдүүлүгүнө карата болот. Кээ бир студенттер кеч ойлонот, кеч түшүнөт. Кээ бирлери укмуштуудай идеяларга бай студенттер. Ал эми кээ бирлери индивидуалдуу иштөөнү жактырышса, кээ бирлери жаамат менен иштөөнү каалашат. Ар кандай мүнөздөр бирин-бири толуктап турушат, өз алдынча иштөөнү ишке ашырууда студенттерге өздөрүнүн мүнөздөрүндөгү кемчиликтерди жеңүүгө жардам берүү керек. Бул учурда окутуучулар ар кандай мүнөздүк сапаттарга ээ болгон студенттерге индивидуалдуу мамиле табууга жардам берет. Өз алдынча ишти аткарууда ар бир студент өзүнүн мүмкүнчүлүгүнүн болушунча өздөрүнүнүн илим-билимдерин көтөрүшөт.

Өз алдынча иштөөнү жогорулатууга төмөндөгү негизги факторлорду кошууга болот:

1. Өз алдынча иштерди, баяндамаларды даярдоодо окуган көркөм чыгармалары, тарыхый инсандардын басып өткөн жолу, чыгармачылыгы, ийгиликтери алар жөнүндө жазылган эскерүүлөр даяр материал катары колдонула турганын билсе, анда тапшырманы аткаруу олуттуу түрдө жакшы жакка өзгөрүп, аткарылып жаткан иштин сапаты жогорулайт. Мында, студентти психологиялык жактан күүлөө керек;
2. Студенттердин чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү. Белгилүү акындар, жазуучулар менен чыгармачылык кечелерге катышуу, театрларда өтүлүүчү эң мыкты спектаклдерге баруу, ал боюнча эссе жазуу жана баяндамаларды даярдоо;
3. Университеттин ичинде өтүлүүчү предметтик олимпиадаларга, илимий-практикалык конференцияларга даярдоо, катышуу;
4. Билимди баалоо. Топтолгон баалары, чогулткан баллдары, рейтинг, тесттердин жыйынтыгы үчүн эң мыкты студенттерге сыйлык берүү (мактоо, кошумча сыйлык баллдар, ардак тактага сүрөттөрүн илип коюу ж.б) көрсөтүлгөн убакыттан эрте тапшыргаништери үчүн баасын жогорулатып берүү, ал эми кеч тапшыргандыгы үчүн тескерисинче баасын төмөндөтүү.

Өз алдынча иштерди уюштуруу барынан мурда анын темалар боюнча рационалдуу пландаштырылышы жана өздөштүрүү убактысын талап кылат. Мындагы эң башкы максат студенттердин бардык учурда алган билимдерин өркүндөтүп баруу, улам жаңы билимге ээ болуу аракеттерин ойготуу болуп саналат. Студенттердин ой жүгүртүүсүнүн жогорку маданиятын калыптандыруу жана илимий-техникалык коомдук саясий жаңы информацияга маани берип, аларды өз бет алдынча жүргүзүп кетүүгө үйрөтүү орчундуу милдет болууга тийиш. Студенттердин өз алдынча иштеринин уюштурулушу контролдоонун ар кыл формаларынын пайда болушуна алып келет. Өз алдынча жумуштардын профессиялык-педагогикалык багыты бар. Студенттердин билим алуу процессинде өз алдынчалуулугу болсо, анын ишмердүүлүгүнүн мүнөздөөчүсү активдүүлүктүн жогорку формасы болот. Өз алдынчалуулуктун белгилери төмөнкүлөр болуп эсептелет:

а) окутуучунун же башка бирөөнүн кийлигишүүсүз өз алдынча ой жүгүртүүгө аракет жасоо жана ал багытта тиешелүү ыкмаларга ээ болуу;

б) сунуш кылынган жаңы түшүнүктөрдү үйрөнүп гана жөн болбостон, аларды ачуунун жолдорун өздөштүрүүгө аракет кылуу;

в) башка ой жүгүртүүлөргө сын көз менен карай билүү;

г) жаңы маселелерди чыгаруунун өзүнө таандык жолун таба билүү [6: 73].

Кыргыз тили практикалык дисциплинасында студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу иштери учурдун талабына шайкеш келген профессионалдык жана универсалдуу компетенцияларды калыптандырууга, өз алдынча илимий ишти аткарууга, алган билимдерин чыгармачылык менен колдонууга багытталышы керек.

Өз алдынча тапшырмаларды студентте калыптандыруучу компетенцияларга же окуу процессинин максат милдеттерине жараша, төмөнкүчө классификациялоого болот:

Теориялык билимдерин тереңдетүү жана кеңейтүү багытындагы өз алдынча жумуштар;

окуу материалын өздөштүрүү максатында окуу китептеги, кошумча булактардагы белгиленген текстти окуп түшүнүү;

тексттин планын же ага карата суроолорду түзүү;

окуу материалынын логикалык-графикалык структурасын түзүү (кластер);

тексттин мазмунундагы түйүндүү ойлорду жазып алуу;

аудио жана видео формасындагы окуу материалдарын колдонуу;

интернет ресурстарын колдонуу [1:80].

Студенттердин өздүк ишинин эң негизги маселеси – бул илимий билимдин өз алдынча иликтеп өнүктүрүүсү. Демек өз алдынча иш сөзсүз түрдө өзүн өзү уюштуруу ишмердүүлүгүнө басым жасалышы керек. Тилекке каршы, көпчүлүк студенттер өз алдынча ишин кечигүү менен аткарышат жана аткарган иши канааттандыраарлык эмес. Ошол себептен студенттин өз алдынча иши окутуучу тарабынан ар тараптуу көзөмөлдөөгө алынышы керек.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Алимбеков А.А. Ысык-Көл университетинин Жарчысы, №38, 2014.
2. Архангельский С.И. Учебный процесс в высшей школе, его закономерныеосновы и методы. М.:1980.
3. Жарова Л.В. Учить самостоятельности. М.: 1993.
4. Низамов Р.А. Дидактические основы активизации и учебной деятельностистудентов. К.: 1995.
5. Рогозинский В.М. Азбука педагогического труда. М.: 1990.
6. Садыкова Н.Б. ЖАМУнун Жарчысы, №1, 2014.
7. Тарантей В.П. Педагогика в вузе: самостоятельная работа студентов. Сов.педагогика 1990. №2.
8. Толстова В.М. Организация самостоятельной работы учащихся поиностранному языку. С.: 2004.



***Рецензент:*** ***Жаңыбаева М.А.*** – *филология илимдеринин кандидаты,Ж.Баласагын атындагы КУУнун доценти.*